
# Сыйкырдуу кат



Автор: Аакиб Жалил

Сүрөтчү: Шрея Сен

Которгон жана адаптациялаган: Нургыз Туйтеева

# Сыйкырдуу кат

Автор: Аакиб Жалил
Сүрөтчү: Шрея Сен
Которгон жана адаптациялаган: Нургыз Туйтеева

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. авторлук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сыйкырдуу кат" (кыргыз тилинде), Нургыз Туйтеева тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Айгүл Мадлымбекова. The Magic letter (англисче), чыгарманын негизинде, автору Aaquib Jaleel, сүрөтчүсү Shreya Sen, Pratham Books © 2007 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/61680-the-magic-letter

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Осмон менен Али ынак достордон эле. Алар кошуна болчу, бирок бир жыл мурун Алинин үй-бүлөсү шаарга көчүп кеткен. Достор азыр алыс жашашса да, бири-бирине кат жазып байланышып турушат.









Али айылда жашаган кезде, Осмон экөө чогуу ойноп, мектептеги сабактарды, китептерди бирге окушчу. Бири-биринин үйүнө конокко барып, чогуу тамак жеп чоңоюшкан. Алар ар бир майрамды жана туулган күндөрдү дайыма чогуу майрамдашчу.




Осмон досу көчүп кеткенине абдан капаланды. Бирок Али бат-баттан Осмонго телефон чалат, кат жазып турат. Али жазган каттарында табышмактарды жөнөтөт. Осмон ал табышмактардын жандырмагын издегенди абдан жакшы көрөт.





Курман айт күнү Алиден кат келди. Осмон сүйүнүп, конвертти шаша-буша ачып, ичиндеги катты алды. ***«Курман Айтың маарек болсун, досум! Катты окусаң, эмне кылуу керектигин билесиң!» –*** деп барактын жогору жагында жазылганын окуду.

Осмон барактын аркы-берки жагын карады. Актай эле, эч нерсе жазылган эмес. Акыркы жөнөткөн катында Али сандардан турган табышмак жазган эле. Азыр кандай табышмак болду экен деп, Осмон ойго батты. Балким, бул таза барактан бир нерсе жасаш керек чыгар?



Осмон баракты бүктөп көрдү.
Жок, болбойт экен.

Осмон терезеге барып, баракты жарыкка коюп, карады.



Ал кагазды ороп, дүрбү сымал шыкаалады.



Кагаздын бетин колу менен сыйпалап, текшерди.



Жок, колуна эч нерсе урунган жок.



Осмон каттын башындагы сөздү дагы бир жолу окуду. Ал жазуулардын арасында, билинер-билинбес кызгылт, сары жалындын сүрөтүн байкады.

– Али атайын боёк менен боёгонбу? – деп ойлонду Осмон.

Али катты боёгонду жактырчу эмес.



Осмон ашканага чуркап барды.

– Апа, мага ысык бир нерсе керек, — деди.

– Нан быша элек, уулум, бир аз күтө тур, — деди апасы колун майлыкка аарчып жатып.

– Жок апа, нан болбойт! Мен бул катты ысытышым керек, — деди Осмон.

Апасы мештеги күйүп турган от менен шамды жакты. Осмон шамдын отуна катты жакын кармады.



– Этият бол, кагазды шамга өтө жакын кармаба, күйүп кетет, — деди апасы.


Осмон шамдын жалынына кагазды жакындатып, эмне болор экен деп, буту менен жерди улам-улам тээп, күтүп жатты.

Бир маалда, кагаздын актай бетинде жазуулар көрүнө баштады.

– Ой шумдук! Апа, жазуулар пайда болуп жатат, караңызчы! — деп Осмон сүйүнүп кетип кыйкырды.









Осмон менен апасы кагазда пайда болгон сөздөрдү чогуу окушту:

***“Биз ак таштар менен ойногон жер”.***

Апасы эч нерсе түшүнгөн жок. Осмон болсо толкунданып, кыйкырды.

– Кайда барарымды түшүндүм, – деди ал.

Осмон тепкичтерден аттап-буттап секирип түштү, короодон көчөгө чыкты. Аялдамадан өтүп, дарбазанын жанындагы отургучтун жанына токтоду.

Ал жерде эч нерсе жок. Кызык? Осмон капалана түштү. Балким бул жерде дагы бир белги же тапшырма катылган деп ойлоду.



Артка бурулуп, кетейин десе эле, досу туруптур.

– Али! Ой, сен кайдан?

Ошентип, Осмон бул сыйкырдуу каттагы табышмактын жандырмагын тапты.

– Айтың маарек болсун, досум! — деди Али. – Мен сени сагынып, көргүм келди.

Осмон каткырып күлүп, Алини кучактады.



Аңгыча, Осмондун апасы балдарды чайга чакырды.

## Сыйкырдуу катты кантап жазат?
## Сыйкырдуу катты жазуу үчүн төмөнкү нерселер керек:




Лимон



Суу



Чөйчөк



Таза барак



Кыл калем

1. Чөйчөккө жарым лимондун ширесин сыгып ал;
2. Бир нече тамчы суу кошуп, аралаштыр;
3. Бул сыя менен кыл калемдин жардамы менен кагаз бетине кат жаз;
4. Көрүнбөгөн сыяны кургаганча күт;
5. Кат даяр, досуңа жөнөтө бер. Кагаз бетиндеги жазуулар ысытканда гана окулат. Бирок, оттон абайла!

Ийгилик каалайм сага, окурман досум!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Аакиб Жалил

Сүрөтчү: Шрея Сен

Которгон жана адаптациялаган:

Нургыз Туйтеева


USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли